А. О. Кулубекова – к.филол.н. ОшТУ
A.O. Kulubekova – c.phil.s OshTU

КЫРГЫЗ АУДИТОРИЯСЫНДА ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИ КОТОРУУДАГЫ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

Кыргыз тилине фразеологизмдерди (накыл сөздөр, туруктуу сөз айкаштарын, салыштыруулар жана башка маанидеги сөздөр) которуу кыйын милдет болуп саналат. Ошондуктан, тилмечтерге(котормочуларга), дайыма бир кыйла көп төлөнөт.

Негизги сөздөр:фразеологизмдер,накыл сөздөр, текстти которуу.

THE DIFFICULTIES OF TRANSLATION THE PHRASEOLOGICAL UNITS IN KYRGYZ CLASSROOMS

Translating the phraseologizms (proverbs, sayings, catch-words, comparisons and other figurative expressions) of the language is difficult task. Therefore, the interpreters always pay considerably great.

Key words: phraseology, proverbs, and text.

20-кылымдын 50 – жылдарынан баштап котормо иши болуп көрбөгөндөй тез темп менен өнүгө баштады. Мунун негизги себеби эл аралык мамилелердин кеңейиши, лингвисттердин тил изилдөөгө болгон чоң кызыгуусу бир себептерден болуп эсептелет.1955-жылы «Babel» журналынын биринчи номеринде XX кылым котормо таануу илиминин кылымы деп жарыяланганы бекеринен болгон эмес. «London Computer Integrated Translation» уюмунун маалыматына караганда, 1987-жылы эле дүйнө жүзүндө котормонун көлөмү 200 миллиондон ашуун бетти түзгөн, ал эми азыркы мезгилде котормого түшкөн талаптардын укмуштуудай көптүгү эч кимди таң калтырбайт.

Демек, котормо өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок, котормо илимин изилдөө кыргыз тил илиминде али жаш, кыргыз тилинде котормого арналган эмгектер абдан аз десек да жаңылышпайбыз. Кыргыз лингвистикасынын котормо таануу тармагында изилдене турган маселелер арбын. Алардын бири фразеологизмдерди которуу маселеси деп болот. Бул тема котормо таануу дисциплинасында орчундуу орунду ээлейт жана фразеологизмдерди которуу кыргыз аудиториясында бир кыйла кыйынчылыктарды туудурат. Анын бир канча себептери бар:

1. Англис – кыргыз тилиндеги сөздүктөрдүн, адабияттардын жоктугу;
2. Англис тилинен орус тилине которулган фразеологизмдерди кыргыз аудиториясындагы студенттер жеткиликтүү түшүнө албагандыгы;
3. Негизгиси – бул түп нускадагы фразеологизмдерди эркин сөз айкаштарынан толук айырмалай албоо;
4. Фразеологизмдердин ички маанисин толук чечмелей албагандык сыяктуу себептерди эсептесек болот.

Фразеологизмдерди которуудан мурда биз фразеологизмдерди терең, толук түшүнүп, аларды жөнөкөй жана эркин сөз айкаштарынан так айырмалашыбыз керек, ошондо гана фразеологизмдердин котормосун туура бере алабыз.

Демек, фразеологизм деген эмне? Аларды эркин сөз айкаштарынан кантип айырмаласа болот? Фразеологизмдерди которууда кандай ыкмаларга көңүл бурсак котормобуз адекваттуу болот, б.а., максатына жетет?

Белгилүү лингвист – окумуштууларыбыздын (А.В.Кунин, В.В. Виноградов, Н.М. Шанский, А.Г. Ломов, А.П. Назаров, Осмонова ж.б.) аныктамаларына таянсак, фразеологизмдер же фразеологиялык бирдиктер дегенибиз – лексемалардын туруктуу

айкаштарын толугу менен же толук эмес өтмө маанисинде түшүнүү эсептелет. Кыргыз тилинде, башка Түрк тилдери сыяктуу эле бардык фразеологиялык айкаштар – туруктуу, түптөлгөн сөз айкаштары, бирок бардык эле туруктуу сөз айкаштары фразеологиялык бирдиктер же тизмектер боло алышпайт. Демек, А.В. Куниндин пикири боюнча "фразеологизмдер же фразеологиялык бирдиктер деген бул семантикалык өзгөрмө айкаштардын моделдеринен түзүлбөгөн, татаал семантикага ээ болгон туруктуу сөз айкаштары" аталат [Кунин, 1986:5].

Фразеологиялык бирдиктердин туруктуулугу жөнүндө сөз кылганыбызда биз алардын курамдарынын семантикалык ажырагыс ички бирдиктүүлүк деңгээлин эске алышыбыз зарыл. В.П. Жуковдун пикири боюнча, туруктуулук – бул фразеологизмдердин идиомалык өлчөмү болуп эсептелет [Жуков, 1978].

В.А. Маслованын пикири боюнча маданий баалуктардын чыныгы сактоочусу текст болуп саналат, тил эмес, дал ушул текст адамзаттын ички дүйнөсүнүн байлыгын коргозот, ал тилдик бирдиктердин эн томонку денгээлдеринен туура тандалган, кучотулгон маданий сигналдардан пайда болот. Ал эми дал ошол тилдик бирдиктер фразеологимдер болуп эсептелет [Маслова. 2004:82].

Сөз айкаштары өз ара эки түргө бөлүнөт: эркин сөз айкаштары жана туруктуу сөз айкаштары болуп. Эркин сөз айкаштары синтаксисте изилденсе, ал эми туруктуу сөз айкаштары фразеологияда изилденүүчү кубулуш болуп саналат. Эркин сөз айкаштарынын курамындагы сөздөр мааниси жана формасы жагынан шайкеш келген ар кандай сөздөр менен айкаша берет жана алар туруктуу мүнөзгө ээ эмес. Ал эми туруктуу сөз айкаштары фразеологизмдер деп аталат да жогоруда белгиленгендей алардын курамдары семантикалык ички ажырагыс биримдикте болуп төмөндөгүдөй бөтөнчөлүктөргө ээ:

- фразеологизмдер кеминде эки же андан көп сөздөрдүн өз ара айкалышкан курамынан түзүлгөн кыска, нуска жана куйкум сөз айкаштары болуп саналат;
- анын курамындагы сөздөр бири биринен ажырагыс биримдикте болот, б.а., аларды башка сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн эмес;
- фразеологизмдер образдуулук касиетине ээ, кепке көркөмдүүлүк, элестүүлүк жана жандуулук берип турат жана алардын көпчүлүгү каймана маанини туюнтушат;
- фразеологизмдердин ички маанисинде дайыма маданият, салт санаа, үрп- адат, тарых менен чиелешкен негизги маалымат сакталган;
- фразеологизмдерге лексика-семантикалык бүтүндүк мүнөздүү, б.а., фразеологизмдердин курамдары өзүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, калган курамдар менен бирге башка бир өтмө маанини билдиришет.

Демек, фразеологизмдердин жаратылышы татаал, тарыхы узак, түшүнүүгө оор болгондуктан аларды бир тилден экинчи тилге которуу көп тажрыйбаны, билимди жана көп эмгекти талап кылган кубулуш.

Азыркы учурда чет тилдерин окуп үйрөнүү кеңири кулач жаюуда, эгерде ошол тилдин фразеологизмдерин жакшы билбей, түшүнбөй туруп тилди жакшы билүүгө же үйрөнүүгө мүмкүн эмес. Ал эми котормочулар тилди эле жакшы билбестен ошол элдин салт санаасын, үрп адатын, тарыхын, улуттук өзгөчөлүктөрүн да жакшы билиши жана котормодо буларды эске алуу зарыл.

Демек, фразеологизмдерди англис тилинен кыргыз тилине которуу абдан татаал процесс. Чет тилиндеги фразеологизмдерди которуудагы негизги талаптардын бири – которулуп жаткан тил өкүлдөрүнө түп нусканын маанисин, формасын, стилин, образдуулугун толук сактоо менен түшүнүктүү которуу эсептелет.

Жогоруда белгилегендей, фразеологизмдерге лексика-семантикалык бүтүндүк мүнөздүү, б.а., фразеологизмдердин компоненттери өзүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, калган компонентер менен бирге башка каймана маанини билдирет. Демек, аларды сөзмө-сөз которууга болбойт, анткени мында алардын мааниси жоголуп, фразеологиялык касеттен ажырап калат. Алардын мааниси котормодо толук, адекваттуу түрдө берилүүгө

тийиш. Адекваттуулукка жетишүү үчүн котормо теориясындагы түрдүү жана усулдарды ыкмаларды колдонуу зарылдыгы туулат.

Көптөгөн белгилүү окумуштуу-изилдөөчүлөрүбүз (В.Н. Комисаров, Л.Ф. Димитриева, Е.А. Мартинкевич, Н.Ф. Смирнова, Ж.А. Голикова ж.б.) фразеологизмдерди которуунун негизги төрт ыкмасын бөлүп көргөзүшөт.

Эквиваленттик ыкма (фразеологизмдерди фразеологизмдер менен которуу ыкмасы), мында түпнускадагы фразеологизм котормо тилинде мааниси, структурасы, стили жана жандуулугу боюнча дал келген фразеологизм менен берилет. Котормо түп нускага толугу менен дал келген фразеологизмдер толук эквивалент деп аталат .

Мисалы: to play with fire – от менен ойнобоо;

Strike the iron while it is hot – темирди кызуусунда сок;

wolf in sheep's clothing – кой терисин жамынган карышкыр;

between two fires –эки оттун ортосунда калуу;

to lead by the nose – мурдунан жетелетүү;

to pour oil on the flames - отко май куюу;

Chickens are counted in autumn – чөжөнү күзүндө саноо;

Appearances are deceptive – чырайды чылап ичпейт;

Rack one's brains – баш катыруу;

Be at smb's beck and call – жетим жүгүрүк;

Where there's life, there's hope – өмүр барда үмүт бар;

to stew in one's own juice - өз жинине өзү кайноо;

many men, many mind – канча баш болсо, акыл ошончо ж.б. ушул сыяктуу котормолор түп нускадагы фразеологизмдердин маанисин толук берген фразеологизмдер менен которулду. Бирок дайым эле котормодо эквиваленттерди табуу мүмкүн эмес, мындай учурда котормочу башка ыкмалар менен которууга аракет кылуусу зарыл. Мисалы мындай ыкмалардын бири структуралык-грамматикалык же лексикалык жактан бир аз айырмаланган толук эмес эквивалент ыкмасы болуп эсептелет. Мисалы:

like a squirrel in a cage – торго түшкон чымчыктай;

to get out of bed on the wrong side – сол жамбашы менен жатуу;

It rains cats and dogs – жамгыр челектеп төгүүдө;

To throw dust in the eyes – көзүн боё (алдоо).

Мындай учурларда түп нускадагы фразеологизмдер котормодо толук фразеологизмдер менен которулган жок, себеби кыргыз тилинде толук эквивалентин табуу мүмүкүн эмес. Демек, бул жерде жарым - жартылай дал келген вариантын колдондук.

2. Окшоштуруу ыкмасы (аналог), мында түпнускадагы фразеологизм котормодо мааниси жагынан абдан окшош, бирок курамындагы сөздөр структурасы боюнча бир кыйла айырмаланган фразеологизм менен берилет. Мисалы:

Every bird likes its own nest – ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө; карга да баласын аппагым дейт;

A bird in hand is worth two in the bush – эртенки куйруктан көрө бүгүнкү өпкө;

to be on cloud nine – төбөсү көккө жетүү;

in cold blood – таш боор;

a drop in the bucket – көп түкүрсө көл болот;

a fly in the ointment – бир карын майды бир кумалак чиритет;

as like as two peas – эгиз козудай; коёндой окшош

one's in a blue moon – төөнүн куйругу жерге тийгенде;

to make a mountain out of a molehill – чымындан төөнү жасоо;

Make hay while the sun shines - Темирди кызуусунда сок;

East or West – home is best – Туулган жердин топурагы алтын же Өз үйүң өлөң төшөгүң.

3. Сыпаттоо ыкмасы. Мында түпнускадагы фразеологизмдин которулуп жаткан тилде эквиваленти жок болгондуктан, аны сыпаттоо ыкмасы менен берүүгө туура келет.

The Trojan House – жашыруун коркунуч туудуруу;

The golden age – алтын курак;
make one's name – өзүнүн атагын чыгаруу,
a white elephant (сөзмө-сөз: ак пил) – башка түшкүн балаа;
to knit one’s brows (сөзмө-сөз: кашын тигүү) – кабак түйүү (жинин келтирүү, же бир нерсе жакпай калуу);
man Friday – абдан берилген адам;
He is hotdogging it – өпкөсү жок, мактанчаак.
Red- tape (сөзмө-сөз: кызыл тасма) - бюрократтык;
cold feet – коркоктук;
cold truth – катуу (ачуу) чындык;
(to have) a narrow escape – кыйынчылык менен (арандан зорго кутулуу)
as cold as charity – таш боорчулук.
4. Аралаш которуу ыкмасы, мында түпнускадагы фразеологизм котормодо жогоруда келтирилген ыкмаларды айкалыштыруу менен которулат. Мисалы:
spick and span – жакшынакай, тыкан;
far cry – асман менен жердей (айырмасы чон);
a millstone about smb’s neck – кыйын милдет (оор милдет тагылуу);
to live on the fat of the land – рахаттанып жашоо (жашоонун рахатын көрүү).

Демек, фразеологизмдерди изилдеген көптөгөн илимпоздордун (В.В Виноградов, А.В. Кунин, Ж. А. Голиков, В.Н. Жуков, В.Н. Комиссаров, Ю.П. Солодуб, А.П. Рахманов ж.б.) эмгектери менен таанышып жана талдоо жүргүзгөндөн кийин төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот.

Фразеология – бул фразеологизмдер б.а., татаал семантикага ээ болгон, кыска нуска туруктуу сөз айкаштары (тизмектери, ширешмелери жана бирдиктери) жөнүндөгү илим. Алардын көркөм, жандуу, элестүү, эмоционалдуу, кыска нуска, курч жана каймана айтылган маанилери тилде чоң ролду ойнойт. Алар кебибизге көркөмдүктү жана өзгөчөлүктү берип турат. Ушундай эбегейсиз чоң байлыкты төкпөй-чачпай, бир тилден экинчи бир тектеш эмес тилге которуу өзгөчө чеберчиликти, билимди, тажрыйбаны жана зор эмгекти талап кылат. Фразеологизмдерди которууда котормочулардын алдында эки негизги милдет турат:
1) фразеологизмдерди башка тилге которууда сөздөрдүн айкашуу нормасын так сактоо;
2) фразеологизмдердин образдуулугун туура жана толук берүү.

Демек, биз төмөндөгү өзгөчөлүктөрдү так айырмалообуз керек.
- Фразеологизмдердин эркин сөз айкаштары менен окшоштугу;
- Маанилеринин каймана турдө болушу:
-Тектеш эмес тилдердеги фразеологизмдердин стилдик жана стилистикалык айырмачылыктарынын болушу;
- Фразеологизмдердин курамындагы сөздөрдүн орду алмаштырылбастыгы ж.б.

Жогорудагы айтылган кыйынчылыктарды жеңилдетүү максатында фразеологизмдерди которуунун негизги төрт ыкмасын колдонуу зарыл.
1. Эквиваленттик ыкма (фразеологизмдерди фразеологизмдер менен которуу ыкмасы): to play with fire – от менен ойнобоо;
Strike the iron while it is hot – темирди кызуусунда сок;
2. Окшоштуруп которуу ыкмасы (аналог): Every bird likes its own nest – ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө; карга да баласын аппагым дейт;
3. Сыпаттоо ыкмасы. The Trojan House – мааниси: жашыруун коркунуч туудуруу; The golden age – мааниси: алтын курак;
4. Аралаш которуу ыкмасы: spick and span – жакшынакай, тыкан;
far cry – асман менен жердей (айырмасы чоң);

Бирок, котормодо дайым эле адекватуулукка жетүү мүмкүн эмес, айрыкча фразеологизмдерди которууда биз көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болобуз.

Кайсы гана тилди албайлы баары бир анын лексикалык ресурсу чектелүү, бирок фразеологизмдер анын образдуулук оюн толуктап, көркөмдөп, тилдин лексикалык курамына орчундуу салым кошуп турат.

Адабияттар:

1. Абдиев Т. Котормо жөнүндө. Б.: 2009. -112б.
2. Виноградов В.В. Основные понятие фразеологии как лингвистической дисциплины.// Избранные труды. Лексикология и лексикография.- М., 1997.
3. Голикова Ж.А. Перевод с английского на русский. Учеб. пособие- 2-е изд., испр., - М.: Новое издание, 2004.- 287с.
4. Дмитриева Л.Ф., Кунцевич С.Е, Мартинкевич Е. А, Смирнова Н. Ф. Английский язык- Курс перевода. Книга для студентов Москва- Ростов- на- Дону. 2005.
5. Комиссаров В.Н. Современное переводоведение. Учебное пособие. – М.: ЭТС.- 2002.- 424с.
6. Кунин А.В. Курс фразеологии современного английского языка. Москва, « Высшая школа», Дубна, Издательский центр « Феникс».1996г.
7. Кунин А. В. Англо-русский фразеологический словарь, // М.: Русский язык медиа 2004.
8. Мюллер В. К. Англо-русский словарь. Современная редакция. М.: - 2006.
9. Назаров А.П. Фразеологическая стилистика кыргызского языка. Б.: 1998.
10. Солодуб Ю.П., Тюленев С.В. Теория перевода: Учебное пособие.- М.: Гардарики, 2004 - 336с.